# Гендердик теңчиликти илгерилетүүнүн Стандарттык модели (Op1)

**«ДаткАйым – Гендердик теңчиликке жаңыча жетишүү» долбоору**
**HERo – New narratives towards a gender equal society**
**EIDHR/2019/409-867**



**«Социалдык тенологиялар агенттиги» Коомдук Бирикмеси**– Адрес: 700001, Кыргыз Республикасы, Бишкек, Чуй проспекти, 164А, каб. 408/1

Бул басылма Европа Биримдигинин каржылык колдоосу менен жарык көрдү. Анын мазмуну үчүн Данило Долчи чыгармачыл өнүктүрүү борбору (Италия) жана «Социалдык технологиялар агенттиги» Коомдук Бирикмеси гана жоопту. Басылма сөзсүз түрдө Европа Биримдигинин көз карашын чагылдырбайт.

| | |
|---|---|
| **Документтин аты** | **Гендердик теңчиликти илгерилетүүнүн Стандарттык модели (Op1)** |
| **Ишмердүүлүк** | **A 1.4 – Гендердик теңчиликти илгерилетүүнүн Стандарттык модели иштеп чыгуу** |
| **Автор** | **«Социалдык технологиялар агенттиги» Коомдук Бирикмеси жана "Данило Дольчи" чыгармачылык өнүгүү борбору (Италия)** |

# Мазмуну

Долбоор жөнүндө ........................................................ **Ошибка! Закладка не определена.**
Киришүү ........................................................................ **Ошибка! Закладка не определена.**
Стандарттык модель ................................................... **Ошибка! Закладка не определена.**
A. ЖМК ..............................................................................................................................8
B. Билим берүү системасы, ресурстары жана методдору.................................................9
C. Мамлекеттик органдар.......................................... **Ошибка! Закладка не определена.**
D.  Жарандык коом уюмдары ........................................................................................12


**«Социалдык тенологиялар агенттиги» Коомдук Бирикмеси**– Адрес: 700001, Кыргыз Республикасы, Бишкек, Чуй проспекти, 164А, каб. 408/1

## Долбоор жөнүндө

**«ДаткАйым – Гендердик теңчиликке жаңыча жетишүү!» долбоору** билим берүү, массалык маалымат каражаттар чөйрөсүндөгү гендердик жана социалдык дискриминацияны пропагандалоону жоюу аркылуу, ошондой эле 5- Туруктуу өнүгүү максатына ылайык гендердик дискриминацияга натыйжалуу жана жемиштүү таасир этүү аркылуу коомдо терең тамырын жайган патриархалдык жүрүм-турумдун өзгөрүүсүнө көмөктөшүүнү көздөйт. Долбоор мамлекеттик органдарды, жарандык коомдук уюмдарды, билим берүү уюмдарын, массалык маалымат каражаттарын гендердик теңчиликти жайылтууда колдоого жана гендердик басмырлоону алдын алууга, коомдун бардык деңгээлинде гендердик позитивдүү маалыматтарды жайылтууга багытталган.

**«**ДаткАйым – Гендердик теңчиликке жаңыча жетишүү**!»** долбоору 2019-2022-жылдары "Социалдык технологиялар агенттиги" коомдук уюму (Кыргыз Республикасы) жана "Данило Долчи" чыгармачыл өнүктүрүү борбору (Италия) тарабынан Европа Биримдигинин каржылык колдоосу менен ишке ашырылат. (Демократияны жана адам укуктарын колдоонун Европалык инструменти – 2018-2019-жылдары Кыргызстанды колдоонун мамлекеттик программасы).

**АРТЫКЧЫЛЫКТУУ БАГЫТТАР**

**Стереотиптерден эркин билим берүү**
Стандарттарды жана окуу-усулдук комплекстерди гендердик жана дискриминацияга каршы экспертизадан өткөрүүгө колдоо көрсөтүү жана Кыргыз Республикасынын билим берүү кызматкерлеринин гендердик компетенттүүлүгүн жогорулатуу.

**Гендердик сезимтал ЖМК Стандарттары**
Кыргызстанда гендердик сезимтал журналистиканын стандарттарын иштеп чыгууга жана жайылтууга көмөктөшүү, Жогорку окуу жайларга журналистика боюнча адистерди даярдоодо бул стандарттарды колдонуу боюнча усулдук колдоо көрсөтүү, массалык маалымат каражаттары, гендердик эксперттер жана бейөкмөт уюмдардын ортосундагы кызматташтыкты жакшыртуу.

**Гендердик саясатты ишке ашыруу боюнча кызматташуу**
Гендердик маселелер боюнча жооптуу министрликтердин, ведомстволордун, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын адистеринин потенциалын жогорулатуу жана, гендердик күн тартибин илгерилетүү максатында мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен натыйжалуу өз ара аракеттенүү үчүн жарандык коомдук уюмдардын потенциалын чыңдоо аркылуу улуттук жана жергиликтүү деңгээлде гендердик басмырлоону жана зомбулукту алдын алуу, ага таасир этүү боюнча ведомстволор аралык кызматташууну колдоо.

**Долбоордун продукттары жана жыйынтыктары:**

- Долбоордун артыкчылыктуу багыттары боюнча гендердик изилдөөлөр жана аналитикалык серептер;
- Артыкчылыктуу багыттардын алкагында гендердик маселелерди жөнгө салуучу ченемдик укуктук документтер;
- Долбоордун максаттуу топтору үчүн кыргыз жана орус тилдеринде методикалык колдонмолор, окуу куралдары;
- Кыргыз жана орус тилдериндеги тренингдик модулдар, окутуучу курстар, анын ичинде онлайн форматта;
- Кыргыз жана орус тилдеринде видеороликтер, маалымат жана билим берүүчү материалдар, маалыматтык кампаниялар жана акциялар;
- Бардык деңгээлде натыйжаларды жайылтуу жана максаттуу топторду тартуу боюнча иш-чаралар.

# Киришүү

Төмөнкү документ **«ДаткАйым – Гендердик теңчиликке жаңыча жетишүү» долбоорунун** биринчи жана негизги жыйынтыктарынын бири болуп саналат! (EuropeAid - Демократияны жана адам укуктарын колдоонун Европалык инструменти – 2018-2019-ж. Кыргызстанды колдоонун мамлекеттик программасы).

Бул Документ Кыргызстандагы жана Европадагы эң мыкты тажрыйбаларды чогултуу процессинин жыйынтыктарын жалпылайт – бул "Эң мыкты тажрыйбалардын жыйнагы" (A 1.3) Отчетунун иштелип чыгышына алып келди – жана Фокус-топтордун ишинин негизинде долбоорго тартылган максаттуу категориялардын аныкталган муктаждыктары.
Бул долбоордун биринчи иш-чараларынын акыркы натыйжасы:
**A1 – бардык деңгээлдеги гендердик теңчиликти илгерилетүү үчүн стандарттык моделди иштеп чыгуу.**
Долбоордун максаты – бардык төрт сектордо (ЖМК, билим берүү системасы, мамлекеттик институттар жана жарандык коом уюмдары) колдонулган стандарттык моделди иштеп чыгуу, мазмунду, окутуу муктаждыктарын жана түзүлгөн синергетиканы белгилөө менен долбоорду иштеп чыгуунун кийинки этаптарында жетишүүгө тийиш болгон милдеттерди белгилейт.
Иштеп чыгууга бир жылдан ашык убакыт кеткен бул натыйжага жетишүү төмөнкү этаптардан өттү:

- **A1.1 - Процессти пландаштыруу үчүн колдонмолорду даярдоо:** "Данило Долчи" чыгармачыл өнүктүрүү борбору (Италия) - Долбоордун координатору - жана "Социалдык технологиялар агенттиги" Коомдук Бирикмеси биргелешип 16 жакшы тажрыйбаны аныктоо үчүн инструменттерди жана көрсөтмөлөрдү иштеп чыгышты - 8 Кыргыз Республикасынан жана 8 эл аралык контексттен.

- **A1.2 Институционалдык, билим берүү жана коммуникация деңгээлинде гендердик теңчилик жана дискриминация стратегиялары боюнча болгон жол-жоболор, интервенциялар жана демилгелердин негизинде жакшы тажрыйбаларды чогултуу:**
  Изилдөө Кыргызстан жана бир катар Европа өлкөлөрү үчүн ЖМК, билим берүү, бейөкмөт уюмдар жана мамлекеттик институттар жаатында төмөнкү жакшы тажрыйбаларды аныктоого мүмкүндүк берди:

| Жалпы маалымдоо каражаттары | |
|---|---|
| Кыргызстан | Европа |
| 1. Гендердик сезимтал Жалпы маалымдоо каражаттары<br>2. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин расмий сайтында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин айым-депутаттарынын ишмердүүлүгүнүн гендердик портрети | 1. Италия өкмөтү, жергиликтүү муниципалитеттер жана ЖМК өкүлдөрүнүн ортосундагы өз ара түшүнүшүү жөнүндө меморандум - Италия<br>2. Медиа саясаттары жана аялдардын имиджине сереп салуу - Испания |
| **Билим берүү** | |
| Кыргызстан | Европа |


**«Социалдык тенологиялар агенттиги» Коомдук Бирикмеси**– Адрес: 700001, Кыргыз Республикасы, Бишкек, Чуй проспекти, 164А, каб. 408/1

| | |
|---|---|
| 1. Кыргыз Республикасынын билим берүү системасында дискриминацияга каршы жана окуу китептеринин гендердик экспертизасын илгерилетүү жана ишке ашыруу тажрыйбасы<br>2. Кыздарды маалыматтык-коммуникациялык технологиялар тармагында кесиптик билим берүүгө тартуу боюнча демилгелер жана долбоорлор | 1. Окутуучу колдонмолордо дискриминацияга каршы жана гендердик экспертизаны илгерилетүү жана ишке ашыруу боюнча тажрыйба - Бельгия<br>2. Кыздар менен балдар күндөрү - Австрияда жана Германияда |
| **Жарандык коом уюмдары** | |
| Кыргызстан | Европа |
| 1. Кыргызстандагы аялдар кыймылынын мыйзам чыгаруучу гендердик квоталарды лоббилөө тажрыйбасы<br>2. Үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо боюнча жергиликтүү деңгээлде ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү механизмин иштеп чыгуу жана ишке ашыруу | 1. De Mulher para Mulher (Аялдан аялга) – Португалия<br>2. Фрауен Махт Политик (Аялдар бийлигинин саясаты) - Германия |
| **Мамлекеттик органдар** | |
| Кыргызстан | Европа |
| 1. Мамлекеттик органдардын ишинде гендердик комплекстүү мамилени жайылтуу<br>2. Улуттук жана региондук деңгээлдеги туруктуу өнүгүүнү стратегиялык пландаштыруунун методологиясына гендердик өлчөмдү киргизүү | 1. Гендердик теңчилик боюнча Швеция агенттигинин Уставы<br>2. Исландия институттарындагы гендердик теңчилик боюнча стратегия – Исландия |

- **А 1.3 - Изилдөөнүн ар бир сектору боюнча отчет даярдоо:**

Ар бир аныкталган жакшы тажрыйбадан алынган сабактарды колдонуу менен ишмердүүлүктүн бардык 4 багыты боюнча чогултулган жыйынтыктар боюнча отчет иштелип чыкты (отчет долбоордун веб-сайтында жеткиликтүүhttps://hero-datkayim.kg).

Чогултулган жакшы тажрыйбалар жөнүндө отчет менен бирге долбоордун максаттуу топторунун өкүлдөрүнөн түзүлгөн 12 өкүлдөн турган консультативдик орган кеңеш тарабынан жүргүзүлгөн фокус-топтордун (А2.2 жана А2.3) жыйынтыктарын бириктирет. Долбоор (максаттуу топтон 2 адам), атап айтканда:

Консультативдик кеңешке долбоордун ар бир максаттуу топторунан 2 өкүлдөн кирген:

- Гендердик маселелер боюнча жооптуу мамлекеттик кызматкерлер;
- Адам укуктары боюнча жарандык коом уюмдары, гендердик маселелер менен алектенген өкмөттүк эмес уюмдар;
- Диний уюмдар;
- Билим берүү боюнча эксперттер;
- Массалык маалымат каражаттары;
- Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары.

Бул фокус-группалар кыргыз коомунун муктаждыктарына жараша кантип иш-аракет кылуу керек экенин жакшы түшүнүү жана коомдун суроо-талаптарына ылайык иш-аракеттерди, мазмунду жана алардын синергетикасын өнүктүрүү үчүн максаттуу топтордун окутуу муктаждыктарын аныктоого жардам берди. Аныктоо ар дайым туруктуу өнүгүүнүн 5-максатын, ошондой эле Гендердик теңчилик боюнча учурдагы Улуттук планды эске алуу менен жүргүзүлдү.

Бул документти түзгөн долбоордун жүрүшүндө аныкталган керектөөлөрдүн жана мазмундун табиятын тереңирээк түшүнүүгө чейин Стандарттык моделге кыскача байкоо төмөнкүдөй жыйынтыкка алып келди: белгилей турган маанилүү аспект - бул кызыктуу кайталануу же кайталоо, инновацияларды жана жакшы тажрыйбаларды ийгиликтүү ишке ашыруу үчүн жалпы негиз болуп саналган Европа өлкөлөрүнөн Кыргызстанга өткөрүлүп берилген ыкмалардын. Эки башка аймакта, атүгүл маданияты, салттары жана мыйзамдары боюнча айырмаланган контекстте окшош ыкмаларды аныктоо чындап эле оңой. Жана бул документте чогултулган ыкмалардын сапатына дагы көбүрөөк ишенүүгө мүмкүндүк берген дагы бир себеп, бул, албетте, долбоордун кийинки этаптарын ишке ашыруу үчүн акылга сыярлык жолду камсыз кылат.

## Стандарттык Модель

## А. ЖМК

ЖМК жана журналистика тармагында топтолгон жакшы тажрыйбалардын негизинде кээ бир методдор эффективдүү жана ийгиликтүү деп аталууга тийиш. ЖМКлар аркылуу тийиштүү гендердик теңчилик жөнүндө маалымат жана сүрөттөрдү берүү жана ЖМКны гендердик теңчиликти илгерилетүү куралы катары колдонуу боюнча негизги сунуштарга төмөнкүлөр кирет:

- Гендердик теңчиликти жана гендердик маселелерди коомчулукка жана жеке маалымат каражаттарына билдирүүдө талаптарды текшерүү жана аткаруу боюнча мамлекеттик органдар менен ЖМК өкүлдөрүнүн ортосунда расмий макулдашуу аркылуу эффективдүү кызматташуу;

- Ишмердүүлүгү гендердик саясаттын өнүгүүсүнө жана гендердик теңчиликке жетишүүгө багытталган бейөкмөт уюмдары менен кызматташуу;

- ЖМК аркылуу жөнөтүлгөн атайын билдирүүлөрдү кабыл алууну жана жакшы же жамандык даражасын текшерүү үчүн ар кандай кырдаалдардан ар кандай мисалдарды пайдалануу аркылуу ЖМКда гендерди көрсөтүүнүн реалдуу абалын талдоо (суроо же булактан изилдөө); акыркы колдонуучулардын көз карашы боюнча гендерге байланыштуу темалардын презентациясы.

Фокустук топторго карата, бул тартылган максаттуу топ үчүн ошол эле аймакта аныкталган муктаждык:

- Мамлекеттик органдардын басма сөз кызматтары үчүн гендердик теңчилик жана көндүмдөрдү өнүктүрүү, инструменттерди, гендердик сезимтал журналистиканын стандарттарын колдонуу боюнча киришүү курсу;

- ЖМКлар аркылуу жарандардын гендердик маселелер боюнча маалымдуулугун сапаттуу жогорулатуу үчүн гендердик сезимтал журналистиканын инструменттерин, стандарттарын колдонуу көндүмдөрүн жогорулатуу боюнча



**«Социалдык тенологиялар агенттиги» Коомдук Бирикмеси**– Адрес: 700001, Кыргыз Республикасы, Бишкек, Чуй проспекти, 164А, каб. 408/1

ЖМК өкүлдөрү үчүн тренинг;

- ЖМКнын гендердик курамына горизонталдык жана вертикалдык гендердик талдоо;
- ЖМК жетекчилери үчүн жумуш ордунда гендердик дискриминацияга каршы күрөшүү үчүн гендердик сезимталдыкты жогорулатуу боюнча тренинг (Көп учурларда ЖМКга жаш кыздардын жумушка орношуусу жаш эркеке балдарга караганда кыйыныраак. Себеби жетекчилер кыздар репродуктивдүү функциясын аткаруусуна байланыштуу карьерада тыныгуу алып калышы мүмкүн, ошондой эле коопсуздук жагынан да эркек балдарды ыңгайлуу көрүшөт);
- Редакторлордун жана башка ЖМК өкүлдөрүнүн гендердик сезимталдыгын жана толеранттуулугун жогорулатуу, анткени массалык маалымат каражаттарында терс гендердик мүнөздөгү көп сандагы материалдар чагылдырылган;
- Гендердик теңчилик маселелери боюнча маалымдуулукту жогорулатуу менен бирге ЖМКдагы аялдардын санариптик сабаттуулугун жакшыртуу. Анткени, көбүнчө санариптик сабаттуулук жана фото жана видео тартуу көндүмдөрүн өздөштүрүү боюнча бардык курстар эркектерге арналган жана аялдар үчүн мындай тренингдерди өз алдынча бүтүрүү кыйыныраак;
- Гендердик теңчилик маселелери боюнча негизги билимдерден тышкары, тренингдерге атайын темаларды (гендердик стереотиптер, куугунтук, «гендер жана экономика», «гендер жана климаттын өзгөрүшү» ж.б.) киргизүү зарыл;
- Окуу программасына практикалык көнүгүүлөрду киргизүү. Ошондой эле интерактивдүү окутуу ыкмаларын колдонуу максатка ылайыктуу.
- Гендердик эксперттердин маалымат базасын түзүү, ал жерде эксперттер адис болгон маселелерди так белгилөө;
- Гендердик теңчилик боюнча онлайн курстар;
- Окутуу форматы боюнча: онлайн жана оффлайн форматтардын айкалышы. Эгер мүмкүн болсо, шаардын сыртында 2-3 күндүк көчмөн тренинг уюштуруу да жакшы жыйынтыкка алып келет.

## B. Билим берүү системасы, ресурстары жана методдору

Европада жана Кыргызстанда чогултулган жакшы тажрыйбалардын ичинен төмөндө билим берүү системасында жакшы натыйжаларга жетишүү үчүн кайталанышы керек болгон негизги инструменттер жана ыкмалар келтирилген:

- Улуттук жана эл аралык сунуштарга жана аялдарга карата дискриминациянын бардык формаларын жок кылуу боюнча БУУнун программасы сыяктуу мыйзамдык негиздерге жана эркектер менен аялдардын бирдей укуктарынын жана бирдей мүмкүнчүлүктөрүнүн кепилдиктери жөнүндө мыйзам сыяктуу улуттук мыйзамдарга басым жасоо;

- Мамлекеттик органдардын же жарандык коом уюмдарынын жардамы менен гендердик маселелер жана аялдардын өкүлдөрү мектеп окуу китептеринде чагылдырылышына көз карандысыз мониторинг жүргүзүү;

- Гендердик маселелер боюнча министрликтер менен ведомстволордун, жарандык коом уюмдарынын жана өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдүн (мисалы, ЕБ, ЮНИСЕФ, БУУнун өнүктүрүү программасы, БУУнун Аялдар уюму, БУУнун Адам укуктары боюнча Жогорку Комиссарынын Аппараты ж.б.) ортосундагы кызматташтыкты кепилдикке алуу;

- Билим берүү системасынын кызматкерлери үчүн гендердик маалымдуулук боюнча тренингдерди өткөрүү;

- Мониторинг жүргүзүү жана гендердик маселелер боюнча иштөө үчүн улуттук жана эл аралык эксперттердин тизмесин түзүү;

- Кыздарды техникалык академиялык дисциплиналар (STEM) тармагында кесиптик билим берүүгө активдүү тартуу;

- Гендердик басмырлоону аныктоо жана жоюу, мектеп окуу китептеринде жана башка окуу материалдарында аялдар менен эркектердин бирдей өкүлчүлүгүн чагылдырууну көрсөтүү боюнча колдонмолорду иштеп чыгуу.

Билим берүүнүн муктаждыктары, ресурстары жана методдору боюнча Фокус-группалардын ишинин негизинде төмөнкү жыйынтыктар келтирилген:

- Билим берүү жана илим министрлигинин китеп басып чыгаруу секторун колдоо, окуу-методикалык комплекстердин антидискриминациялык жана гендердик экспертизасын жүргүзүү үчүн тандалган бардык кызматкерлерди жана эксперттерди окутуу;

- Гендердик теңчилик маселелери жана антидискриминациялык жана гендердик экспертиза жүргүзүүнүн инструменттерин өздөштүрүү боюнча басмалар, окуу-методикалык комплекстердин авторлору, редакторлору жана мугалимдер үчүн базалык окуу тренингдерин өткөрүү;

- ЖОЖдор менен иш алып баруу, педагогикалык ЖОЖдордун окутуучулары жана студенттери үчүн гендердик теңчилик жана окуу-методикалык комплекстерге антидискриминациялык жана гендердик экспертиза жүргүзүү методикасы боюнча



**«Социалдык тенологиялар агенттиги» Коомдук Бирикмеси**– Адрес: 700001, Кыргыз Республикасы, Бишкек, Чуй проспекти, 164А, каб. 408/1

тренингдерди өткөрүү;

- Үзгүлтүксүз окууну камсыз кылуу үчүн видеокурстарды түзүү;
- Атайын орто жана жогорку окуу жайларына адистиктер боюнча студенттерди кабыл алууну талдоо. Мындай талдоо студент кыздар аз келген бул адистиктер (техникалык адистиктер) боюнча кыздар үчүн бюджеттик орундарды эске алуу менен атайын чараларды баштоого мүмкүндүк берет;
- Гендердик теңчилик маселелери боюнча маалымдуулукту жана түшүнүктү жогорулатуу үчүн маалыматтык кампанияларды жүргүзүү;
- Бардык деңгээлдеги гендердик багытталган билим берүүнү колдоо маанилүү. Окуучулардын кесип тандоосу көбүнчө стереотиптерге негизделген, ошондуктан кесиптик билим берүү системасында антидискриминациялык жана гендердик экспертиза жүргүзүү маанилүү;
- Медреселерде санариптик технологиялар жок болгондуктан, медреселерде окуган кыздардын билим алуусуна өзгөчө мамилелерди кароо;
- Райондук билим берүү бөлүмдөрүнүн усулчулары үчүнантидискриминаялык жана гендердик экспертизадан окуу-методикалык комплекстерди өткөрүү методологиясына окутуу. Методисттер мектеп мугалимдери менен түздөн-түз иштешкендиктен, маанилүү максаттуу топ болуп саналат;
- Интерактивдүү элементтерди колдонуу менен жаштар арасында маалыматтык кампанияларды өткөрүү;
- Тренинг форматы: онлайн жана оффлайн окутуунун айкалышы.

## C. Мамлекеттик органдар

“Мамлекеттик органдар” багытында алдыңкы тажрыйбаны колдонуунун жана аныкталган натыйжалуу ыкмалардын негизинде жыйынтыктардын тизмеси түзүлдү:

- Гендердик маселелерге комплекстүү мамиле жасаган улуттук стратегияларды аныктоо жана иштеп чыгуу, алар аркылуу эркектер менен аялдардын тажрыйбасы эске алынат жана мыйзамдарды, саясаттарды иштеп чыгууда жана программаларды ишке ашырууда, мониторингде жана баалоодо чоң мааниге ээ. бардык саясий, экономикалык, эмгек, социалдык жана башка тармактарда эркектер менен аялдардын ортосундагы теңсиздикти жоюуга өбөлгө түзөт;
- Гендердик саясатты жазуу жана ишке ашыруу милдети жүктөлгөн жана бардык мамлекеттик органдарда гендердик теңчиликке жетишүү боюнча Улуттук

- пландарды талаптагыдай аткарууну камтыган атайын улуттук органды түзүү;
- Гендердик маселелерди чечүү боюнча иш-чараларды камсыз кылуу үчүн мыйзамдык базаны жана атайын каржылоону түзүү;
- Аялдардын укуктары боюнча мыйзамдарды кабыл алууну жактаган Аял-депутаттарынын Форумун түзүү, министрликтерде, ведомстволордо, жергиликтүү мамлекеттик администрацияларда жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында гендердик маселелер боюнча адистердин болушу;
- Гендердик сезимтал индикаторлорду өлкөлөрдүн туруктуу өнүгүүсүнүн негизги көрсөткүчтөрүнө киргизүү жана стратегиялык өнүгүүнү пландаштыруунун бардык этаптарына гендердик мамилени интеграциялоо;
- Гендердик маселелер боюнча жакшыртылган жаңы мыйзамдарды жана максаттарды ишке ашыруунун мөөнөттөрүн белгилөө.

Ушул эле багытта Фокустук топтордун ишинин натыйжалары төмөндө келтирилген:

- Гендердик маселелер боюнча жооптуу адистерди окутуу программасына адистештирилген темалар боюнча сессияларды (гендердик бюджеттөө, гендердик экспертиза, 112-системасын жакшыртуу темасы ж.б.) киргизүү;
- Ар бир тренингге өз алдынча үйрөнүү мүмкүнчүлүгү үчүн методикалык материалдарды даярдоо;
- Мамлекеттик органдар үчүн гендер боюнча маалыматтык материалдар жана негизги\киришүүчү онлайн курс. Бул материалдар ачык онлайн жеткиликтүүлүк үчүн зарыл, анткени мамлекеттик органдарда кадрлардын улам алмашып турушу байкалат, андыктан жаңы кызматкер өз алдынча онлайн курстан өтүп, гендердик маселелер боюнча негизги билимдерди өз алдынча өздөштүрө алганга мүмкүнчүлүк түзүү зарыл.
- Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин гендердик бөлүмүнө, ошондой эле зордук-зомбулукка каршы күрөшүү башкармалыгына колдоо көрсөтүү, бөлүмдөрдүн бардык кызматкерлерин окутуу;
- Гендердик теңчилик жана үй-бүлөлүк зомбулук темасында аскерге милдеттүүлөрдү Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн Генералдык штабынын кечиктирилгис жана шашылыш эмес кызматтарына окутуу үчүн маалыматтык материалдарды (плакаттар, брошюралар, видеороликтер) даярдап берүү;

- Жөнөкөй кызматкерлерден жана гендердик маселелер боюнча жооптуулардан тышкары, министрликтердин жана ведомстволордун статс-катчыларынын, жогорку жетекчиликтин потенциалын жогорулатуу зарыл;

- Министрликтердин жана ведомстволордун гендердик маселелер боюнча жооптуу кызматкерлери министрликтердин жана ведомстволордун башка кызматкерлеринин потенциалын жогорулатуунун маанилүүлүгүн белгилешти, анткени кээ бир учурларда министрликтерде жана ведомстволордо гендердик саясатты илгерилетүү боюнча тапшырмаларды биргелешип ишке ашырууда башка кызматкерлердин гендердик суроолор боюнча билимсиздигинен улам кыйынчылыктар келип чыгат;

- Окутуу форматы боюнча: онлайн жана оффлайн айкалышы. Эгер мүмкүн болсо, шаардын сыртында 2-3 күндүк көчмөн тренинг уюштуруу да жакшы жыйынтыкка алып келет.

## D. Жарандык коом уюмдары

Жарандык коом уюмдарынын чөйрөсүндөгү алдыңкы тажрыйбадан экстраполяцияланган методдордун натыйжалары төмөнкүлөрдү камтыйт:

- Мобилизациялоо, форумдар жана лоббилөө аркылуу, ошондой эле жергиликтүү жана эл аралык контексттерде бирдей мүмкүнчүлүктөр жөнүндө аялдардын маалымдуулугун жогорулатуу аркылуу гендердик теңчилик темасы боюнча маалымдуулукту жогорулатуу;

- ЖМКларды жалпы коомчулукка жеткирүү жана массалык маалымат каражаттары аркылуу үгүт жүргүзүү үчүн тартуу, үгүт иштеринин жаңы формаларын түзүү жана аялдардын лидерлигинин позитивдүү, жаңы имиджин түзүүчү жаңы ыкмаларды колдонуу жана стереотиптерге каршы күрөшүү;

- Тажрыйбалуу лидерлик ролдору бар насаатчылык программалары аялдарды саясатка алып келүү, аялдардын жоопкерчиликтүү кызматтарга жетүүсүнө колдоо көрсөтүү жана аларга өз оюн билдирүүгө үйрөнүүгө жардам берүү;

- Жаш аялдардын чечим кабыл алуу процесстерине катышуусун жогорулатуу;

- Аялдарды колдонмолор жана башка куралдар аркылуу тартуу стратегияларын иштеп чыгуу.

Фокус-топтун ошол эле багыттагы ишинин натыйжасында аныкталган муктаждыктар төмөндө:

- Региондордо үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу боюнча комитеттерди түзүүгө көмөктөшүү жана пилоттук комитеттер менен кызматташуу.



**«Социалдык тенологиялар агенттиги» Коомдук Бирикмеси**– Адрес: 700001, Кыргыз Республикасы, Бишкек, Чуй проспекти, 164А, каб. 408/1

Үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу боюнча комитеттер жергиликтүү деңгээлде гендердик күн тартибин илгерилетүүнүн натыйжалуу механизми катары;

- Гендердик экспертиза жүргүзүү жана Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен жигердүү иштөө үчүн аймактардагы бейөкмөт уюмдарынын потенциалын күчөтүү;

- Бейөкмөт уюмдары гана эмес, мамлекеттик органдардын өкүлдөрүн, ошондой эле ички иштер органдарынын кызматкерлерин окутуу жана гендердик сезимталдыкты жогорулатуу, анткени стереотиптик ой жүгүртүү көбүнчө алардын кесиптик милдеттерин сапаттуу аткарууга терс таасирин тийгизет;

- Аялдардын кыймылдарын көбүрөөк түзүү жана аялдарга конституциялык укуктарын, гендердик теңчилик маселелерин жана башкаларды үйрөтүү зарыл;

- Бийликтин эң жогорку деңгээлдеринде да гендердик теңчилик маселелери социалдык маселе катары кабыл алынып, экономиканын олуттуу бөлүгү катары каралбайт, бул гендердик теңчилик маселелери кабыл алынганда мамлекеттик маанилүү документтерден жок болуп кетишине алып келет.

- Кызматташтыкты күчөтүү жана мамлекеттик органдардын жетекчилеринин гендердик маалымдуулугун/сезимталдуулугун жогорулатуу зарыл;

- Гендердик теңчиликти жайылтуу үчүн бейөкмөт уюмдардын арасында квалификациялуу кадрлар жетишсиз. Бейөкмөт уюмдары үчүн атайын тематикалык курстарды уюштуруу жана бейөкмөт уюмдар өкүлдөрүнүн потенциалын жогорулатуу зарыл;

- Аялдар уюмдарынын бүткүл өлкөнү камтуусу кыйын, ошондуктан жергиликтүү деңгээлде активдүү иштеген аялдар кеңештеринин потенциалын жогорулатуу зарыл;

- Мисал катары бир нече Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында бир нече пилоттук гендердик анализдерди жүргүзүү жана мындай анализден жетекчилер кандай пайда алаарын көрсөтүү зарыл;

- Журналисттерди жана ЖМК өкүлдөрүн гендердик теңчилик маселелерине үйрөтүү жана гендердик сезимтал журналистиканын стандарттарынын ыкмаларын/колдонууларын өздөштүрүүнү жайылтуу зарыл;

- Ар түрдүү секторлор ортосундагы кызматташтыкты жакшыртуу үчүн жарандык коом менен мамлекеттик органдардын биргелешкен иш-чараларын жана тренингдерин жүргүзүү зарыл;

- Окутуу форматы боюнча: онлайн жана оффлайн айкалышы. Ошондой эле окуу программалары конкреттүү бир кейстердин мисалдарында курулса жакшы болмок.